КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Президентинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2020-жылдын 18-мартынан баштап 28-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын аймагында жарандардын COVID-19 коронавирустук инфекциясын (мындан ары – коронавирустук инфекциясы) жуктуруп алган 708 фактысы аныкталды.

Өзгөчө абалды жарыялоо жана күчөтүлгөн чектөө чараларын киргизүү коронавирустук инфекциясынын Кыргыз Республикасынын аймагында кеңири жайылышын токтотууга, жуктуруу очокторун локалдаштырууга, жалпысынан жарандардын өмүрүн жана ден соолугун сактап калууга мүмкүндүк берди.

Ишке тартылган мамлекеттик органдар коронавирустук инфекциясын жуктурган симптомдору бар жарандарды аныктоо, анын ичинде инфекция жуккандар менен мурда контакт болгондордун арасынан табуу боюнча иштерди улантууда.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын айрым шаарларында жана райондорунда санитардык-эпидемиологиялык кырдаал туруксуз деп мүнөздөлөт. Коронавирустук инфекциясы жуккан адамдар дагы эле табылууда, айрым жарандар ооруканаларда дарыланып жатат.

Ушуга байланыштуу жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоонун жана алардын коопсуздугун камсыз кылуунун өзгөчө кызыкчылыгын көздөп, Кыргыз Республикасынын айрым аймактарында өзгөчө абалды дагы узартып туруу зарыл болууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 9-бөлүгүнүн 2-пунктуна, “Өзгөчө абал жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3 жана 4-беренелерине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 28-апрелиндеги № 8 чечимин көңүлгө алып, **токтом кылам:**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в некоторые решения Президента Кыргызской Республики**

В период с 18 марта по 28 апреля 2020 года на территории Кыргызской Республики были подтверждены 708 фактов заражения граждан коронавирусной инфекцией COVID-19 (далее – коронавирусная инфекция).

Объявление чрезвычайного положения и введение жестких ограничительных мер позволили сдержать широкое распространение коронавирусной инфекции на территории Кыргызской Республики, локализовать очаги заражения, в целом сохранить жизнь и здоровье граждан.

Задействованные государственные органы продолжают проводить работу по выявлению граждан с симптомами заражения коронавирусной инфекцией, в том числе среди лиц, ранее контактировавших с инфицированными.

В настоящее время санитарно-эпидемиологическая ситуация в отдельных городах и районах Кыргызской Республики характеризуется как неустойчивая. До сих пор выявляются лица, заразившиеся коронавирусной инфекцией, часть граждан проходят лечение в больницах.

В этой связи исключительно в интересах обеспечения защиты жизни и здоровья граждан и их безопасности по-прежнему сохраняется необходимость в продлении чрезвычайного положения на отдельных территориях Кыргызской Республики.

В соответствии с пунктом 2 части 9 статьи 64 Конституции Кыргызской Республики, статьями 3 и 4 конституционного Закона Кыргызской Республики «О чрезвычайном положении», и принимая во внимание решение Совета безопасности Кыргызской Республики от 28 апреля 2020 года № 8, **постановляю:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы № 55 “Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абал киргизүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункттагы “2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө” деген сөздөр “2020-жылдын 10-майына 24.00гө” деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы № 56 “Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ош шаарынын, Ноокат жана Кара-Суу райондорунун аймагында өзгөчө абал киргизүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“1. Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 10-майына саат 24.00гө чейин, Ош облусунун Ноокат жана Кара-Суу райондорунун аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө чейин өзгөчө абал киргизилсин.”.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 24-мартындагы № 57 “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын жана Сузак районунун аймагында өзгөчө абал киргизүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“1. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарынын аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 10-майына саат 24.00гө чейин жана Сузак районунун аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө чейин өзгөчө абал киргизилсин.”.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 14-апрелиндеги № 72 “Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын жана Ат-Башы районунун аймагында өзгөчө абал киргизүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

“1. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын аймагында 2020-жылдын 15-апрелинен саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө чейин жана Ат-Башы районунун аймагында 2020-жылдын 15-апрелинен саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 10-майына саат 24.00гө чейин өзгөчө абал киргизилсин.”.

5. Бул Жарлык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине бекитүү үчүн жиберилсин.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланууга тийиш жана кол коюлган учурдан баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.Ш. Жээнбеков**

Бишкек ш.
2020-жылдын 28-апрели
ПЖ № 80

1. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О введении чрезвычайного положения на территории города Бишкек Кыргызской Республики» от 24 марта 2020 года № 55 следующее изменение:

– в пункте 1 слова «08.00 часов 30 апреля 2020 года» заменить словами «24.00 часов 10 мая 2020 года».

2. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О введении чрезвычайного положения на территории города Ош, Ноокатского и Кара-Суйского районов Ошской области Кыргызской Республики» от 24 марта 2020 года № 56 следующее изменение:

– пункт 1 изложить в следующей редакции:

«1. Ввести чрезвычайное положение на территории города Ош на период с 08.00 часов 25 марта 2020 года до 24.00 часов 10 мая 2020 года, Ноокатского и Кара-Суйского районов Ошской области Кыргызской Республики на период с 08.00 часов 25 марта 2020 года до 08.00 часов 30 апреля 2020 года.».

3. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О введении чрезвычайного положения на территории города Джалал-Абад и Сузакского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики» от 24 марта 2020 года № 57 следующее изменение:

– пункт 1 изложить в следующей редакции:

«1. Ввести чрезвычайное положение на территории города Джалал-Абад на период с 08.00 часов 25 марта 2020 года до 24.00 часов 10 мая 2020 года и Сузакского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики на период с 08.00 часов 25 марта 2020 года до 08.00 часов 30 апреля 2020 года.».

4. Внести в Указ Президента Кыргызской Республики «О введении чрезвычайного положения на территории города Нарын и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики» от 14 апреля 2020 года № 72 следующее изменение:

– пункт 1 изложить в следующей редакции:

«1. Ввести чрезвычайное положение на территории города Нарын на период с 08.00 часов 15 апреля 2020 года до 08.00 часов 30 апреля 2020 года и Ат-Башинского района Нарынской области Кыргызской Республики на период с 08.00 часов 15 апреля 2020 года до 24.00 часов 10 мая 2020 года.».

5. Направить настоящий Указ для утверждения в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики.

6. Настоящий Указ подлежит официальному опубликованию и вступает в силу с момента подписания.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Ш. Жээнбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
28 апреля 2020 года УП № 80